**“Gracioнун” “Салтанаттын даамын тат. Бриллиантты утуп ал” акциясынын эрежеси**

«Gracio» соода маркасынын “Салтанаттын даамын тат. Бриллиантты утуп ал” акциясынын (мындан ары текст боюнча - Акция) уюштуруучусу болуп «RG Brands Kazakhstan» ЖЧЖ (мындан ары - Уюштуруучу) саналат. Акция ушул эрежеге жана керектөөчүлөрдүн көңүлүн “Gracio” брендине буруу жана анын керектөөчүлөр базасын көбөйтүү максатында Кыргыз Республикасынын (мындан ары - КР) аймагында Акцияга катышуу шарттарына (мындан ары -Эреже) ылайык өткөрүлөт.

Акцияны өткөрүү мезгили 01.12.2016 - 31.05.2017, байгелер 31.07. 2017 чейин жеткирилет.
Жашы жете электер Акцияга катыштырылбайт.

***1. Акцияга катышуунун жалпы эрежелери***

Акцияга Кыргыз Республикасынын аракетке жөндөмдүү төмөнкүдөй жарандары катыша алат:

- жашы жеткен куракттагы (КР мыйзамдарына ылайык) - 18 жаш;
- «RG Brands Kazakhstan» ЖЧЖ компаниясынын, «RG Brands Kazakhstan» ЖЧЖ бардык биригишкен компанияларынын кызматкерлери болбогон, Акцияны уюштурууга жана өткөрүүгө тиешеси бар жана/же Акциянын натыйжаларына таасирин тийгизүүгө же аларды фальсификациялоого жөндөмдүү бардык кызыкдар тараптардан тышкары;
- жогоруда саналып өткөн пунктулардагы бардык субъектилердин үй-бүлө мүчөлөрүнөн тышкары.

2. Акцияга катышуу жана байге алууга талапкер болуу үчүн. Акциянын катышуучусу (мындан ары - Катышуучу) төмөнкүдөй аракеттерди жасашы керек:

- Акцияны өткөрүүнүн эрежелери жана “Салтанаттын даамын тат. Бриллиантты утуп ал” тексти кыскача жазылган “Gracio” ширесинин атайын промоидишин сатып алыңыз;
- капкакчанын астынан цифралардын жана тамгалардын уникалдуу комбинацияларынан турган промокодду (мындан ары - промокод) табыңыз;

- SMS* аркылуу 7775 номерине «код (боштук) ысым (боштук) фамилия (боштук) шаар» форматында промокодду жибериңиз же промокодду www.dreamclub.kz сайтына каттатып, катталган капкакчаны сактап коюңуз;
- Уюштуруучу Катышуучулардын ушул эрежелерде каралган тартипте уникалдуу промокодду каттаткандыгы жана/же таап алгандыгы тууралуу талаш-тартыштарына киришпейт. Ушул Эрежелердин шарттарына ылайык уникалдуу промокодду биринчи каттаткан жак катышуучу болуп саналат.

3. Бир Катышуучу каалагандай сандагы промокоддорду каттата алат, ар бир промокод - башкы байгени утуп алуунун бир мүмкүнчүлүгү. Промокоддордун комбинациясы кайталанбайт, бир комбинация Акцияга катышуу үчүн бир жолудан ашык колдонулушу мүмкүн эмес. Уюштуруучу тарабынан идентификациялоого

мүмкүн болбогон промокод кароого алынбайт (бардык промокоддордун тизмеси Акциянын Уюштуруучусунда сакталат).

4. Акция боюнча баш байгенин – бриллианттын (адаманттын) – ээси Акциянын башынан аягына чейинки аралыгында бир гана Катышуучу боло алат. Байге тапшырылгандан кийин бардык башка катышуучулардын кандайдыр бир Байгелерге тиешелүү талаптары кабыл алынбайт.

5.Акциянын жеңүүчүсү баш байге катарында бриллиантты алат. Көңүл буруңуздар! Байгелердин сайттагы сүрөттөрү чыныгы байгелерге толук шайкеш келбей калышы мүмкүн.

6. Акциянын жеңүүчүсү бир гана баш байгени ута алат - 1 (бир) бриллиант (адамант).

7. Казакстан Республикасынын, КР жана Орусия Федерациясынын аймагындагы жети промокодду каттаткан алгачкы 6000 (алты миң) катышуучу кепилденген байгени - жүз аарчы алышат. Көңүл буруңуздар, жүз аарчылардын саны чектелүү - 6000 (алты миң) даана.

8. Ар бир Катышуучу Акция өткөрүлүп жаткан бардык мезгилде үч жолудан ашпаган санда жүз аарчы утуп алса болот. Кепилденген байгелерден сүрөттөрү чыныгы байгелерге толук шайкеш келбей калышы мүмкүн.

***9. Акцияны өткөрүү шарттары***

Уюштуруучу Акцияга катышуу үчүн бардык зарыл талаптарды аткарган ар бир Катышуучу Уюштуруучунун дайындар базасына киргизилерин кепилдейт.

Уюштуруучу Катышуучунун Өткөрүү эрежелери жана Акцияга катышуу шарттары менен таанышпагандыгы, аны менен катар Акцияны өткөрүү натыйжалары менен таанышпагандыгы, Катышуучулардан кат, коңгуроо чалуу, факсимилдик жана/же электрондук түрдөгү кабарламаларды албагандыгы, анын ичинде Акция өткөрүү учурунда пайдаланылган почта кызматы же байланыш уюмдарынын күнөөсү боюнча алынбай калгандыгы үчүн дагы жоопкерчилик албайт.

10. Уюштуруучу Акциялардын дайындар базасына Катышуучуларды каттоо менен байланышкан техникалык камсыздоонун катачылыгы, анын ичинде төмөнкүлөр үчүн жоопкерчилик албайт:

- Катышуучунун жана интернет-провайдердин ортосундагы келишимдик мамиленин бузулушу, т.а. Акциянын дайындар базасына каттоого мүмкүн болбогон учур үчүн;
- Уюштуруучунун күнөөсү болбогон жерде келип чыккан интернет-провайдерлердин бардык техникалык камсыздоосунун катачылыгы үчүн
- Акциянын дайындар базасына каттоо учурунда Катышуучунун катачылыкка жол берген ар кандай аракеттери үчүн.

11. Кыргыз Республикасынын аймагында баш байгенин утушу Акция өткөрүлүп жаткан мезгилде бир жолу өтөт: 31.03.2017.

Компьютердик программа Акциянын дайындар базасына туура катталган бардык Катышуучулардын ичинен кокустук менен 1 (бир) Катышуучуну тандап алат. Утуштун натыйжасы жана жеңүүчүлөрдүн ысымдары www.dreamclub.kz сайтына жарыяланат. Баш байгени утуштуруу датасы техникалык же уюштуруу көйгөйлөрүнөн улам кыйла кеч мөөнөткө жылдырылыш мүмкүн. бирок бул үч жумушчу күндөн ашпоого тийиш.

12. Байгелерди утуштуруу Акцияны уюштуруу комиссиясы тарабынан кокустан тандап алуу принциби боюнча атайын программалык модулду пайдалануу менен Акцияны өткөрүүнүн бардык мезгилинде бир жолу өткөрүлөт. Ар бир туура катталган Катышуучуда канча промокодду каттаткан болсо, ошончолук утуп алуу мүмкүнчүлүгү болот. Утуштун натыйжасы жана жеңүүчүлөрдүн ысымдары www.dreamclub.kz сайтына жарыяланат.

13. Уюштуруучу байгени жеңүүчүгө тапшырган учурга чейин эквиваленттүү утушка алмаштыруу укугун өзүнө калтырат.

14. Акциянын байгени алууга талапкер болгон Катышуучусу www.dreamclub.kz сайтына жарыяланган ушул эрежелер менен таанышууга, Уюштуруучу тарабынан байгени алуу үчүн берилген бардык керектүү документтерди толтурууга жана кол коюуга. ошондой эле Акцияны Уюштуруучунун комиссиясынан электрондук почта аркылуу кабарлама же сурамжылоо алган күндөн тартып 7(жети) күндүн ичинде бардык зарыл маалыматтарды берүүгө милдеттенме алат.

15. Байгеге ээлик кылуу укугу жана кокусунан жок болуу тобокелдиктери Катышуучу үчүн аны алган учурдан тартып башталат. Ушул учурдан тартып Уюштуруучу кепилденген байгенин же баш байгенин жоголуп кетүүсү, ага ээлик кылуу жана тескөө менен байланышкан тобокелдиктер үчүн жоопкерчилик албайт.

16. Байге Акциянын катышуучусуна Эреженин дайындарына ылайык гана Алматы шаарында берилет. Жеңүүчү байгени алуу үчүн Алматы шаарына келиши керек. Акция өткөрүү жана байгени алуу менен байланышкан талаш маселелер пайда болгон учурда Уюштуруучунун чечими акыркы болуп саналат.

17. Байге катышуучуга Уюштуруучунун кароосу менен жашаган жери боюнча берилет, же жеңүүчү байгени алуу үчүн Алматы шаарына келиши керек. Уюштуруучу жеткирүүнү жана/же Бишкек шаарынан Алматы шаарына (учуп барганы жана учуп келгени) авиа учуунун чыгымдарын гана жабууну камсыз кылууга, же байгени/баш байгени Катышуучуга өзүнө ылайыктуу формада берүүнү камсыз кылууга милдеттенме алат. Көңүл буруңуздар! Жеңүүчү баш байгени алуу үчүн зарыл болгон мөөнөттүн ичинде Алматы шаарында жашоо чыгымдарын өзүнө алат. Уюштуруучу баш байгени алуу үчүн Алматы шаарына сапарга чыгуу менен байланышкан бардык тобокелдиктер үчүн жоопкерчилик албайт.

Уюштуруучу жеткирүүлөр менен алектенген уюмдардын байгелерди/баш байгелерди жеткирүү мөөнөтүн бузгандыгы, аларды жоготкондугу же бузгандыгы үчүн жоопкерчилик албайт. Жеңиш тууралуу кабарлама Уюштуруучу тарабынан жиберилген күндөн тартып 10 (он) календардык күндүн ичинде Катышуучу

Уюштуруучуга сыйлыкты жеткирүү үчүн зарыл болгон жашаган жеринин дареги тууралуу маалымат берүүгө тийиш.

Ошондой эле Уюштуруучу Катышуучунун баш байге алуу менен байланышкан милдеттерин аткарбаган (өз убагында аткарбаган), сыйлыкты туура эмес дарек боюнча жиберген учурда жоопкерчилик албайт. Ошондой эле Уюштуруучу Акциянын катышуучусу тарабынан туура эмес фамилиянын, ысымдын жана атасынын атынын же почта дарегинин берилишинин натыйжасында сыйлыкты туура эмес дарекке жиберген, ошондой эле аталган даректе алуучу жок болгон учурлар үчүн жоопкерчилик албайт.

Уюштуруучу Акциянын катышуучусунун дайындары туура эмес учурда, көрсөтүлгөн даректе катышуучу жок болгон учурда, ошондой эле ал тарабынан Сыйлыкты алуу-өткөрүп берүү актысына кол коюлбагандыгы, Тартуу берүү келишимине кол коюлбагандыгы, инсандыгын тастыктаган документтерин көрсөтпөгөндүгү үчүн катышуучуга сыйлык тапшырылбай калган учурларда сыйлыкты кайта салбайт жана жеткирбейт. Баш байге – бриллиант (адамант) – инсандыгын ырастоочу документин көрсөткөн жана Уюштуруучунун дайындар базасындагы дайындар менен дал келген учурда гана берилет. Акцияга катышкандыгына байланыштуу жумшалган ушул Эрежелерде каралбаган бардык чыгымдарды Катышуучу өз алдынча тартат.

18. Катышуучу уникалдуу коду бар Продукциянын промоэтикеткасынын түп нускасын тиешелүү сыйлыкты алуу учурунда аларды Уюштуруучуга көрсөтүү зарыл болгон учурга чейин сактоого милдеттүү.

19. Байге жеңүүчүгө берилгенден кийин Катышуучуга байгенин наркындагы акчалай эквивалентти төлөп берүү, байгени артка кайтаруу, алмаштыруу мүмкүн эмес.

20. Байгеге тиешелүү бардык дооматтар Акциянын Катышуучусу тарабынан түздөн-түз байгени алуу учурунда билдирилиши керек. Эгерде катышуучу тарабынан байгени алуу учурунда байгеге тиешелүү кандайдыр бир дооматтар билдирилбесе, байге Катышуучу тарабынан талаптагыдай абалда, эч кандай кемчиликтерсиз кабыл алынды деп эсептелет.

21. www.dreamclub.kz сайтына катталуу же SMS жиберүү аркылуу Акцияга катышуу менен, Катышуучу Өткөрүүнүн бардык эрежелери жана Акцияга катышуунун бардык шарттары менен таанышкандыгын жана макул экендигин тастыктайт. Уюштуруучу рекламалоо максатында жеңүүчүлөрдүн ысымдарын жана сүрөттөрүн пайдалануу, Акцияны уюштуруу, Акциянын шарттарын, берүү жол-жобосун, байгелердин санын, рекламалык Акцияны өткөрүүнүн каалагандай башка шарттарын өз алдынча өзгөртүү, Акция жана аны өткөрүү тартиби жөнүндө кошумча маалыматтарды сайтка жарыялоо укуктарын өзүнө калтырат.

22.Уюштуруучу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган байге үчүн милдеттүү салыктарды төлөп берүү милдетин албайт.

23. Байгени алуу учурунда Уюштуруучуга инсандыгын ырастоочу документинин түп нускасын, төмөндөгүлөрдү кошо алган, бирок ошону менен эле чектелип калбаган

инсандыгын ырастоочу документинин жана/же паспортунун көчүрмөлөрүн бербей коюусу, Катышуучу тарабынан байгени алуу мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу жана кандайдыр бир себептерден улам Катышуучунун күнөөсү менен байгени албай калуусу Уюштуруучу тарабынан Катышуучунун байгеден баш тартуусу катары каралат, бул үчүн Уюштуруучу жоопкерчилик албайт. Байге ээси керектүү документтерди ушул Эрежелерге ылайык макулдашуудан жана/же берүүдөн баш тарткан же аларды өз убагында жибербеген (Уюштуруучу тарабынан кабарланган датадан тартып он жумушчу күндөн ашпаган) учурда, Уюштуруучу байгени берүүдөн баш тартууга жана ошол байге ээсинин резервдеги байге ээсинин пайдасына баш тарткан катын албастан туруп ошол байге ээсин резервдеги байге ээсине алмаштырууга укуктуу.

24. Байгени утуп алган Катышуучу Акцияга катышкандыгы тууралуу рекламалык интервью берүүгө, анын ичинде радио жана теле көрсөтүү, ошондой эле аларга теңдеш жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу рекламалык интервью берүүгө, же Уюштуруучу тарабынан кандайдыр бир сыйакыларды албастан графикалык реклама материалдарын даярдоо үчүн видеороликтерге тартылууга жана фотосессияларга катышууга макул болот. Ушул сыяктуу интервьюларга жана башка материалдарга болгон автордук укук Уюштуруучуга мөөнөтү жана аймагы чектелбестен таандык болуп саналат.

25. Кошумча маалыматтарды 8 (800) 100-77-75 кызуу байланыш телефону боюнча алса болот. Коңгуроо чалуу акысыз.

26. Акцияны өткөрүү шарттарындагы жана тартиптериндеги, төмөндөгүлөрдү кошо алган, бирок ошону менен эле чектелип калбаган Акцияны өткөрүү мөөнөттөрүнө, берилүүчү байгелердин санына жана тизмегине, Акцияны өткөрүүнүн башка шарттарына каалагандай өзгөртүүлөр болгон учурда, Уюштуруучу Акцияны өткөрүү мезгилинде кошумча маалыматтарды www.dreamclub.kz сайтына жарыялоо укугун өзүнө калтырат.

27. Катышуучу каттоо формасын толтуруу менен, Уюштуруучу жана анын ыйгарым укуктуу адамдары тарабынан өзүнүн персоналдык дайындарын берүүгө, иштеп чыгууга, сактоого жана пайдаланууга, ошондой эле Уюштуруучу тарабынан өткөрүлүп жаткан акциялардын алкагында андан ары пайдаланууга макулдугун берет.

28. Катышуучу каттоо формасын толтуруу менен, Акциянын шарттарына, ошондой эле Уюштуруучу тарабынан маалыматтык кабарлардын, анын ичинде SMS, WhatsApp жана электрондук почта аркылуу алынышына макулдугун берет.

29. Уюштуруучу Катышуучудан ушул Эрежелердин сакталышын талап кылууга укуктуу.

30. Уюштуруучу Акциянын катышуучусу менен ушул Эрежелерде көрсөтүлгөн учурлардан тышкары кат жүзүндө сүйлөшүүлөргө же башка байланышууларга барбай коюу укугун өзүнө калтырат.

---

* SMSтин наркы - Кыргыз Республикасынын бардык мобилдик операторлорунун абоненттери үчүн 1 сом